| МАКУЛДАШЫЛДЫ | БЕКИТЕМИН |
|---|---|
| Окумуштуулар кеңешинин 2024-ж.<br>“29” майдагы отурумунун<br>№9/3.1 протоколу | Ректордун милдетин аткаруучу Э. А. Саргашкаев<br>________<br>«29» май 2024-ж. |

Апелляциялык комиссия жөнүндө
ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (НМУ) апелляциялык комиссиясы (мындан ары АК) жөнүндө жобо университеттин апелляциялык комиссиясын түзүүнүн жана анын ишинин тартибин аныктайт.

1.2. Жобо төмөнкү ченемдик укуктук актылардын негизинде иштелип чыккан жана төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:

- 2023-жылдын 11-августундагы №179 “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартибин;
- С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кабыл алуу комиссиясы жөнүндө жобону;
- НМУнун уставын;
- НМУга кабыл алуунун ар жылдык эрежелерин;
- ушул Жобону;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (ББИМ), ошондой эле ректордун башка буйруктарын жана ченемдик-укуктук актыларын.

1.3. Бул жобо жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгын талап кылбаган даярдоо багыттары жана адистиктери боюнча НМУга абитуриенттердин кайрылууларынын жол-жоболук маселелерин чечет.

## 2. Комиссиянын курамы жана түзүмү

2.1. АКнын сандык курамы университеттин жана башка билим берүү уюмдарынын (зарыл учурда) эң тажрыйбалуу жана квалификациялуу илимий-педагогикалык кызматкерлеринин ичинен ректордун буйругу менен бекитилет.

2.2. Апелляциялар үчүн университетте кирүү экзамендери өтүүчү бардык предметтер боюнча баа берүүнүн объективдүүлүгүн, бирдиктүү талаптардын сакталышын жана университет тарабынан өз алдынча жүргүзүлүүчү кирүү экзамендерин өткөрүүдө абитуриенттердин билимин жана жөндөмүн баалоодо талаштуу маселелерди чечүү үчүн бир АК түзүлөт.

2.3. Апелляциялык комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирише т:

- комиссиянын төрагасы (төрайымы);
- комиссиянын мүчөлөрү: тажрыйбалуу адистерден 1 адам, АК катчысы кабыл алуу комиссиясынын техникалык катчысынын бири болушу мүмкүн.

## 3. Апелляциялык комиссиянын ыйгарым укуктары жана функциялары

3.1. АК өз ишин университет тарабынан өткөрүлүүчү кирүү экзамендерин өткөрүү учурунда өз алдынча жүргүзөт.

3.2. АКнын ишин төрага жетектейт, ал АКнын ишин уюштурууга жооптуу жана өзүнүн компетенциясынын чегинде жобого ылайык кайрылуулардын жана арыздардын өз убагында жана калыс каралышын камсыздайт.

3.3. АК төмөнкү функцияларды аткарат:

- кирүү сынактарына катышкан абитуриенттердин кайрылууларын кабыл алат жана карайт;
- кирүү сынактын жол-жобосунун белгиленген талаптарына ылайык өтүлгөнүн аныктайт;
- даттануунун жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алат;
- жазуу иштерин текшерүүнүн жүрүшү жана көйгөйлүү кырдаалдардын келип чыгышы жөнүндө кабыл алуу комиссиясынын төрагасына маалымат берет.
- кабыл алынган чечим жөнүндө арыз берген абитуриентке же анын ата-энесине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө), ошондой эле университеттин кабыл алуу комиссиясына маалымдайт.

3.4. АКнын төрагасы төмөнкүлөргө укуктуу:

- өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде АКнын мүчөлөрүнө тапшырмаларды берүүгө;
- эгерде АК мүчөсү даттануунун жыйынтыгына жеке (тике же кыйыр) кызыкдар болсо, кабыл алуу комиссиясынын төрагасы менен макулдашып, аны катышуудан четтетүүгө;
- АКнын ишин улантууга тоскоолдук кылган форс-мажордук кырдаалдар жана башка күтүүсүз жагдайлар келип чыккан учурда, АКнын ишин уюштуруу боюнча чечимдерди кабыл алууга.

3.5. АКнын төрагасы жана мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- мыйзам жана башка ченемдик-укуктук актылардын талаптарын сактоого;
- этикалык жана моралдык нормаларды сактоо менен аларга жүктөлгөн функцияларды жогорку кесиптик деңгээлде аткарууга;
- даттанууну кароонун мөөнөттөрүн бузууга алып келиши мүмкүн болгон көйгөйлөр же кыйынчылыктар жөнүндө кабыл алуу комиссиясынын төрагасына жана/же мүчөлөрүнө токтоосуз билдирүүгө;
- купуялуулукту жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун белгиленген тартибин сактоого. АКнын төрагасы жана мүчөлөрү жеке кызыкчылыктардан улам жашыруундуктун жана маалыматтын коопсуздугунун талаптарын бузган, белгиленген ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдаланган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## 4. Апелляцияларды берүү жана кароо эрежелери

4.1. Кирүү же аттестациялык сынактын натыйжалары боюнча абитуриент апелляциялык комиссияга анын пикири боюнча сынакты өткөрүүнүн белгиленген тартиби бузулгандыгы жана/же анын натыйжалары менен макул эместиги жөнүндө жазуу жүзүндө даттанууга укуктуу.

4.2. Апелляцияны кароо экзаменди кайра тапшыруу болуп саналбайт. Апелляцияны кароодо кирүү сынагынан өтүүнүн жыйынтыктарын баалоонун тууралыгы гана текшерилет.

4.3. Апелляция экзамендин баасы жарыялангандан кийинки күнү абитуриент тарабынан жеке берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды кирүү экзамендери тапшырылгандан кийин эки жумушчу күндүн ичинде кабыл алууну камсыздайт. АК бир жумушчу күндүн ичинде апелляцияны карап чыгып, чечимин чыгарат.

4.4. Арыз ээси өзүнүн иши менен тааныша алат жана апелляциялык кароого катышууга укуктуу. Абитуриенттин колунда инсандыгын ырастоочу документ жана экзамен баракчасы болушу керек.
4.5. Жашы жете элек (18 жашка чыга элек) арыз берүүчү менен ата-энесинин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн бири катышууга укуктуу.
4.6. Апелляциялык арыз менен кайрылган абитуриентке анын экзамендик иши белгиленген талаптарга ылайык текшерилгендигин жана бааланганын камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш.
4.7. Апелляция төмөнкүдөй тартипте каралат: кирүү экзамендеринин натыйжалары менен макул болбогон учурда, абитуриент АКнын төрагасынын атына жүйөлүү жазуу жүзүндөгү арыз берет, анда экзамендик иштин сапатына конкреттүү даттануулары жана баалардын төмөндөшүнө алып келген экзаменаторлордун каталарын көрсөтүүгө милдеттүү. Абитуриент АКнын жана кабыл алуу комиссиясынын өкүлдөрүнүн катышуусунда анын иши менен таанышууга укуктуу. Иш менен таанышуу кирүү экзамендеринин жана АКнын ишинин графигинде көрсөтүлгөн убакыт жана ордуна ылайык жүргүзүлөт. Иш менен таанышып жаткан учурда текшерилген сынактык ишке кандайдыр бир эскертүүлөрдү жана ондоолорду киргизүүгө катуу тыюу салынат.
4.8. Апелляцияларды кароонун натыйжалары боюнча АК кирүү сынагынын жыйынтыктарын баалоону өзгөртүү же көрсөтүлгөн бааны өзгөртүүсүз калтыруу жөнүндө чечим кабыл алат.

## 5. Комиссиянын ишин уюштуруу

5.1. АК өзүнүн отурумдарын жазуу жүзүндөгү кайрылуулар жана арыздар келип түшкөн учурда өткөрөт.
5.2. АКнын чечимдери кворум болгон учурда АКнын тизмесинен жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Добуштар тең болгон учурда АКнын төрагасы чечүүчү добушка ээ.
5.3. АКнын иши протокол менен таризделет, ага АКнын төрагасы жана мүчөлөрү кол коюшат. Жыйынтыктоочу протоколдор кирүү экзамениннин жыйынтыктарынын протоколдоруна жана отчеттук документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн кабыл алуу комиссиясына берилет. Протокол менен таризделген АКнын чечими арыз ээсинин назарына (кол коюуга) жеткирилет.
5.4. Комиссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча документтер (абитуриенттин даттануусу, даттанууну каттоо журналы (барактары), комиссиянын жыйналышынын протоколу, даттанууну кароонун натыйжалары боюнча, кирүү экзамениннин тартибин бузуулар жөнүндө корутундулар (бар болсо) жана башкалар) катуу отчеттук документтер болуп саналат жана абитуриенттердин өздүк көктөмөлөрү менен кошо, кабыл алуу комиссиясында сакталат.

## 6. Апелляциялык комиссиянын отчету

6.1. - арыз ээлеринин даттануулары жана арыздары;
- апелляциялык комиссиянын отурумдарынын протоколдору;
- экзамендик ведомосттор АКнын отчеттук документтери болуп саналат жана кабыл алуу комиссиясынын документтерине тиркелет.

Түзгөн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Н.М. Бабаева